КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXIII – сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 4-августу № 8 Кара-Коо айылы

**“Ак-Эмгек – Тазалык” муниципалдык ишканасынын Уставын бекитүү жана мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.А. Калыковдун турак-жай, коммуналдык чарба (ЖКХ) түзүү боюнча кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айылдык Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1.Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында **“Ак-Эмгек-Тазалык”** муниципалдык ишканасы (ЖКХ) уюштурулсун.

2. **“Ак-Эмгек-Тазалык”** муниципалдык ишканасынын уюштуруучусу болуп Ак-Терек айыл өкмөтү бекитилсин.
- **Күбөлүк каттоо номери 97796-3302-М-е, 23028277** ИУЖК коду,
- **01106200210024** идентификациялык салык номери,
-**Алгачкы мамлекеттик каттоо датасы:** Ысык-Көл облусу 11-июнь 2002-жыл,
-**Юридикалык жактын аталышы-** “Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси.
-**Уюштуруучулук -укуктук формасы** – мекеме.
-**Менчик** Муниципалдык.
-**Жайгашкан жери (дареги)** Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Тоң району, Кара-Коо айылы, Баатыркан көчөсү № 21.

3.**“Ак-Эмгек-Тазалык”** муниципалдык ишканасы Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Мыйзамынын” жана редакциясынын талабына ылайык мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
Муниципалдык ишкананын аталышы:
Мамлекеттик тилде**: “Ак-Эмгек -Тазалык” муниципалдык ишканасы.**
Кыскартылган аталышы: **“Ак-Эмгек-Тазалык” МИ,**
Расмий тилде: **Муниципальное предприятие “Ак-Эмгек-Тазалык”**
Кыскартылган аталышы: **МП “Ак-Эмгек-Тазалык”**

4. **“Ак-Эмгек-Тазалык”** муниципалдык ишканасынын Уставы бекитилсин.

5. **Мекеменин юридикалык дареги:** Ысык-Көл облусу, Тоң району, Кара-Коо айылы, Батыркан көчөсү № 2 к

6. **“Ак-Эмгек-Тазалык”** муниципалдык ишканасы Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынын мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы муниципалдык ишканасынын директору Исаков Талантбек Капашовичке милдеттендирилсин.

7. Мамлекеттик каттоо жөнүндө токтомунда андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экендиги жана мыйзамда белгиленген учурда, юридикалык жакты каттоо маселелерге тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**